КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ ТИЛ ЖАНА
АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

САПАРБЕК ЗАКИРОВ.

# КОЖОЖАШ ЭПОСУНУН КЭЭ БИР МАСЕЛЕЛЕРИ

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН БАСМАСЫ
Фрунзе 1960

*Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Редакциялык Басма сөз Советинин токтому боюнча басылды*

## КИРИШ СӨЗ

Өткөн кылымдын экинчи жарымында болгон орус окумуштуусу академик В. В. Радлов кыргыз элинин оозеки чыгармасы менен таанышкандан кийин эпикалык чыгармалардын өзгөчө өнүккөндүгүн көрүп таң калган. Ал ошону менен бирге эле элдин маданиятынын «чыныгы эпикалык учуру» деп атаган.[1]

В. В. Радлов тарабынан берилген мындай адилеттүү баа кыргыз элинин кылымдар бою башынан өткөн оор кайгыларын, күлкүсүн, бай фантазиясын толук кымтыган элдик оозеки адабий эстеликтер менен кеңири аныкталат. Көркөм сөзгө ынак, сөзгө чебер, тилге бай эл тарабынан гана чыныгы өлбөс чыгармалар түзүлөт. «Көркөмдүк жагынан каармандардын жетилген эң терең жана ачык типтери фольклор тарабынан, эмгекчи элдин оозеки чыгармачылыгы тарабынан гана түзүлөт»[2]—дейт М. Горький.

Марксизм-ленинизм классиктери ар бир элдин духтук байлыктары ошол элдин материалдык, экономикалык турмушунун негизинде түзүлөрүн жана ар бир коомдун өсүшүнө активдүү таасир көрсөтө турганын белгилешет. Искусствонун бардык түрлөрү объективдүү көрүнүштөрдү ар түрдүү жолдор, ыктар менен чагылтат да, ал коомдун саясы, философиялык, нравалык, эстетикалык көз карашын көрсөтүп турат. Бирок буржуазиялык окумуштуулар коомдун материалдык негизин жана духтук маданиятын түзгөн эмгекчи элдин ролун жокко чыгарышат. Төмөнкү таптар көркөмдүк жактан жетилбеген «чийки» материалдарды гана бере алат деген жыйынтыкка келишкен».[3]

[1] «Образцы народной литературы северных тюркских племен», 1885, часть V, стр. 2, 3.

[2] А. М. Горький. О литературе. М., 1953 г. стр. 698.

[3] К. Бюхер., Работа и ритм, перевод с немецкого С. С. Заяницкого. изд. «Новая Москва» 1923 г.

Мындай көз караштты «тарыхый школанын» көрүнүктүү
өкүлү Вс. Миллер жан дили менен кубаттайт. Ал эл тарабы-
нан даңктуу көркөм чыгарма түзүлөт деген жөнөкөй кыял,
фикция болот дейт да, андай элди этнография, тарых көрсөтө
албайт деген корутунду чыгарат.[1]

Вс. Миллер орус элинин эпосторунун түзүлүшүн таптык
көз караштa караган. Бирок анын тарыхты туура эмес түшү-
нүшү, анын реакциячыл «теориясынын» өркүндөшүнө шарт
түзгөн. Ал эпостун жаралышы жөнүндөгү көз карашын үс-
төмдүк кылуучу таптын, (эзүүчүлөрдүн—С. З.) төл чыгарма-
сы деген жыйынтык менен аяктайт.[2]

Элдик оозеки чыгармалардын пайда болушун буржуазия-
лык окумуштуулардын экинчи бир түрү жеке адамдарга таан-
дык кылып анын коллективдик «мүнөзүн» жокко чыгарат.
П. Н. Сакулин «Первобытная поэзия» деген эмгегинде оозеки
көркөм чыгармалардын пайда болушу, элге таандык экендигин,
эл массасынын романтикалык түшүнүгүнүн негизинде кыялый
түзүлгөндүгүн танып байыркы поэзия коллектив тарабынан
түзүлгөн элдик чыгарманы таанбайт, тескерисинче, жеке
адамдар тарабынан түзүлгөнүн далилдейт деген корутунду
чыгарат.[3] П. Н. Сакулиндин «далилдөөсү» айрым адамдардын
элдик оозеки адабиятты түзүүдөгү ролун гана көрсөтпөстөн,
тескерисинче, ал түзүүчү өкүлдүн милдеттүү түрдө үстөмдүк
кылуучу таптардан боло турганына алып келет. П. Н. Саку-
линдин пикири боюнча үстөмдүк кылуучу таптын—эзүүчүлөр
табынан өкүлү гана элдик көркөм чыгармаларды түзүүгө
жөндөмдүү.

Марксизм жеке адамдын ролун танбайт, элдик чыгарма-
нын башкы булагы айрым элдик өкүлдөр тарабынан түзүлүп,
оздон оозго өтүп алгачкы автору белгисиз болуп каларын
ырастайт. Элдин сонун ойлору күткөн үмүтү, тилеги чыгарма-
дан орун ала берет. Ал бара-бара чыныгы элдик чыгармага
айланат.

Марксисттик адабият таануу илими эки маданият жөнүн-
дөгү марксисттик-лениндик жободон келип чыгат. Мада-
нияттын буржуазиялык жана пролетардык түшүнүгү алар-
дын коомдогу ордуна, таптык көз карашынын негизине айка-
лышат. «**Ар бир** улуттук маданиятта, — дейт В. И. Ленин,—
өнүкпөгөн болсо да, демократиялык жана социалисттик ма-
данияттын **элементтери** болот, анткени **ар бир** улутта эмгек-
чи жана эксплуатацияланган масса болот, бул массанын

[1] Вс. Миллер. Очерки русской народной словесности. Былины, М., изд. Сытина, 1897, стр. 23—24.

[2] Вс. Миллер. Экскурсы в области русского народного эпоса, М., 1892 г.

[3] П. Н. Сакулин. Первобытная поэзия, М., 1905 г.



турмуш шарттары демократиялык жана социалисттик идеологияны шексиз пайда кылат. Бирок **ар бир** улутта **ошондой** эле буржуазиялык маданият да (көпчүлүгүндө али да, черносотендик жана клерикалдык) болот — болгондо да «элементтер» түрүндө гана эмес, **үстөмдүк кылуучу** маданият түрүндө болот»[1].

Кыргыз элинин оозеки чыгармаларын жыйноо жана аларга карата илимий көз караштар өткөн кылымдын экинчи жарымынан баштап айтыла баштайт. Ч. Валиханов, В. Радлов тарабынан шилтенген бул алгачкы кадамдар, илимий пикирлер азырда бизге өтө баалуу болуп саналат. Анткени эпостун чыгыш шарттары, орду, мүнөзү жөнүндө айтылган бир топ мерчимдүү ойлор азыркы убакта да күчүн жоготкон эмес.

Улуу Октябрь революциясына чейин кыргыз элинин оозеки чыгармасын жыйноо иши айрым кызыккан адамдардын жекече демилгеси менен жүргүзүлүп келген. Октябрь революциясы «элдердин тюрьмасы» болуп турган падышачылыктын чынжырын талкалады. Орус эмгекчилери менен кошо коомдук турмуштан артта калган күн чыгыш элдерин азаттыкка алып чыкты. Элдик бай мурастарды Партия менен Өкмөттүн демилгеси менен жыйноо пландуу түрдө жолго коюла баштады. Жыйналган материалдарга илимий изилдөө иштери, айрыкча эпостор жөнүндө салмактуу пикирлер, объективдүү көз караштар айтылып, элдик оозеки чыгарманын андан ары терең изилденишине шарт түзүлдү. Ошондой болсо да элдик оозеки чыгармаларды изилдөө иши, аларды жыйноого караганда, артта калып жатканын кайгылуу түрдө эскертүүгө болот. Чоң эпосторго жүргүзүлгөн илимий изилдөөлөрдүн көбү али жарыяланбагандыгы, ал эми кенже эпостор жөнүндөгү изилдөө мүнөзүндөгү айрым гана макалалардын бардыгын ойго алганда айрым эпостор жөнүндө терең пикир айтууга кыйындык келери шексиз.

«Кожожаш» — кыргыз элине кеңири тараган чыгармалардан болуп саналат. «Кожожаш» эпосун айтуучу С. Конокбаевдин сөзүнө караганда XIX кылымдын аягында эле атасынан укканын, аны анын чоң атасы айтып бергенин эскерет. Элдик оозеки чыгармаларга терең таанышты бар Ыбрай Абдрахманов да бул ойду толугу менен кубаттап: «мен ойноо бала кезимде эле «Кожожашты» элдеги аксакалдар, кемпирлер жыш сөз кылар эле. Ошондо, Жети-Өгүздө Жандаке деген манасчы, Төлөмүш деген ырчы «Кожожашты» эң муңдуу кылып ырдашчу эле»—дейт.

«Кожожаштын» элге кеңири тарагандыгына Кыргызстандын территориясынын түрдүү жерине «Кожожаш» асылып

[1] В. И. Ленин. Соч., том 20, стр. 8, изд. 4-ое.

өлгөн аска деп коюлган аттар да далил болот. Мисалы: Ысык-Көл өрөөнүндөгү Көк ойрок тоосу, Чаткалдагы Авлетим аскасы, Олуя-Атым ташы, Түштүктө мурунку Жаңы-Жол району менен Карабан районунун чектешиндеги «Кожожаштын аскасы»—Кожожаш мергендин өлгөн жери катары сөз кылынат. Мындай бир эле мергендин ар түрдүү жердеги аскада өлгөндүгү жөнүндөгү көз караш эпосту айтуучу акындын андагы каармандарга тарыхый адам катары мамиле кылганынан келип чыгат. Ошондуктан алар угуучулардын ишенимине жеткирүү үчүн аларга таанып географиялык аттарга таянат.

«Кожожаш» поэмасы идеялык мазмуну жана темасынын чечилиши жагынан өзгөчө орунда турат. Адетте, бир элдин баатырдык же социалдык-турмуштук эпосторунун ортосунда окуянын өсүшү, чиеленишн, айрым образдарынын түзүлүшү жагынан белгилүү бир жалпылыкка барып такалат. Бирок, мындай жалпылыктар эпостун өзөгүн аралап өтпөгөндүктөн, айрым эпизоддоруна гана из кетирип окшош чыгармага чейин көтөрүлө албайт. Ошондой болсо да мындай жалпылыктар эпостун оригиналдуулугуна терс таасир берет. «Кожожаш» эпосун дал ушундай жалпылыктан алыс, өзүнчө кыры, өзүнчө сыры бар оригиналдуу чыгарма десек жаңылышпайбыз.

Биз бул эмгекте «Кожожаш» поэмасынын элдик чыгармадагы ордун, чыгыш мезгилин, идеялык багытын, композициялык түзүлүшүн жана көркөмдүк өзгөчөлүгүн көрсөтүүгө аракеттенебиз.

## ПОЭМАНЫН ЧЫГЫШ ДООРУ ЖАНА ИДЕЯЛЫК БАГЫТЫ

Элдин оозеки адабиятында эпостор окуянын баяндалышынын татаалдыгы же жөнөкөйлүгүнө, көлөмүнө карай чон жана кенже эпостор деп экиге бөлүнөт. Ал эми алардагы окуя лардын мүнөзүнө мазмундук өзгөчөлүгүнө карай баатырдык жана социалдык-турмуштук эпостор деп аталат. Кыргыз эли нин социалдык-турмуштук эпосторунун ичинде «Кожожаш» көрүнүктүү орунду ээлеп турат. «Кожожаш» поэмасы элде ыр түрүндө да кара сөз түрүндө да айтылып келген. Муну «Кожо жаштын» бир вариантын айткан Сулайман Конокбаевдин эс кертүүсү да далилдейт.[1] «Кожожашты» Конокбаевден Каю Мифтахов 1923-жылы жазып алган. Конокбаевдин варианты менен Алымкул Үсөнбаевдин айтуусу боюнча жазылып, 1938 жылы китеп болуп басылып чыккан «Кожожаштын» вариан тынын ортосунда окуянын алынышы жагынан кескин айырма жок. Бирок, окуяны берүү жагынан кескин айырма бар. Бул варианттарды салыштыруу белгилүү даражада бизге поэманын алгачкы нускасын табууга жардам берет.

Сулайман Конокбаевдин эскертүүсүнө караганда «Кожожашты» атасынан жаш кезегинде угуп унутуп калган. Кийин эс тарткандан кийин гана Таластык ырчы Эсенамандан үйрөнгөн. (1910-ж.). Ошону менен бирге Сулайман эл акыны Алымкул Үсөнбаев менен төрт жыл бирге жүрүп көп ыр үйрөнгөнүн да эскерет.[1] Бул эскерүүгө караганда, Конокбаев Сулайман «Кожожашты» А. Үсөнбаевден да угушу мүмкүн (же тескерисинче). Демек, А. Үсөнбаевдин варианты менен С. Конокбаевдин вариантындагы сюжеттик окшоштук закондуу нерсе. Ал эми окуяны берүүдөгү айырма биздин оюбузча төмөндөгүдөй негизден келип чыгат: кыргыздын кенже эпосторунда синтетикалык форма күчүн жоготуп жиберген. Ошондуктан, айтуучу белгилүү форманы, интонацияны сактабастан, өзүнүн стилдик өзгөчөлүгүнө багындырган.

Поэманы эки башка сүрөттөө менен өнүктүрүү анын сюжеттик өзөгүнө таасирин тийгизбей койгон эмес. Сулаймандын вариантында фантастикалык учур, мифологиялык элементтер поэманын чордонунда турат. Кожожаш адамдан ашкан алп, саадагы-шарты өгүз териси, майлыгы жарты өгүз териси, аткан кийиги сан миңге жетет. Зулайка пери кызы, Сур эчки миң улактуу. Поэмадан мындай эпикалык сүрөттөөлөрдү көрүп туруп «...Үсөнбаев менен Конокбаевдин варианттары **окуяны баяндоо**, поэманын сюжетин өнүктүрүү жагынан бири-биринен көп айырмалана бербейт»[2]— деген корутундуга келүү адилетсиздик болор эле. Үсөнбаевдин вариантында поэманын башкы каармандары турмуштук адамдар. Укмуштуу сүрөттөөлөр мында жок. Айрым гана жерлерде поэманын сюжеттик өзөгүн солгундатпас үчүн тамак ичпей эс албай айлап, жылдап Кожожаштын Сур эчкини кууганы сүрөттөлөт.

«Кожожаш» поэмасындагы фантастикалык учур, мифологиялык түшүнүктөр анын алгачкы нускасына таандык болушу мүмкүн.

1949-жылы Ысык-Көлдөн Төлөмүш Жээнтаевден «Кожожаштын» үчүнчү варианты жазылып алынган. Жээнтаевдин варианты Конокбаевдин, Үсөнбаевдин вариантынан композициялык түзүлүшү боюнча, окуянын өтүшү жана бүтүшү, орду жагынан айырмаланып турат. Ошондой болсо да поэманын негизги өзөгү бир. Бирок, өзөгү бир поэмалардын баары эле

[1] Кыр. ССР Илимдер Академиясы, Коомдук илимдер бөлүмүнүн ко жазма фондусу, инв. № 808.

[1] Көрсөтүлгөн кол жазмада, инв. № 808.

[2] Д. Сулайманов, «Кыргыз элинин социалдык-турмуштук поэмалары жөнүндө», Тил жана Адабият институтунун эмгектери, VIII чыгышы, Фрунзе—1957-ж.

ндеялык деңгээли жагынан, көркөмдүк өзгөчөлүгү жагынан бирдей даражада болбойт. Анткени, элдик оозеки чыгармаларда «даяр» ыр майда чыгармаларда гана болушу мүмкүн. Ал эми көлөмдүү чыгармалар жөнүндө В. В. Радловдун пикири чындыкка дал келет. «Акын пассивдүү түрдө угуу менен гана үйрөнөт, — дейт ал, — ал өзүнө тааныш ырларды ырдабайт, анткени, дегеле чыныгы эпосто даяр ырлар болбойт, даяр сюжеттер болот, мына ошолор гана сүрөттөлөт, баяндалат»[1]. Ушул эле ойду В. В. Виноградов да жактайт: «Кенже эпосту айтуучу акын поэманын мазмунун, анын драматургиялык өсүшүн, схемасын, анын образдарын жана мүнөздөрүн билет, традициялык башталышын жана аяктышын, элестүү жалпы жерлерин, параллелизмдердин келишин эске тутат»[2]. Дал ушул «даяр ырдын» болбогондугунан бир эле эпостун бир канча варианты келип чыгат. Мисалы, Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүнүн фондусунда «Олжобай менен Кишимжандын» эки варианты, «Кедейкандын» эки варианты, «Курманбектин» эки варианты, «Эр Табылдынын» эки варианты, «Төштүктүн» үч варианты, «Манастын» он үч варианты, «Кожожаштын» үч варианты, бар. Бул фактылар элдик оозеки чыгармада китептикине окшош туруктуу тексттердин болбой тургандыгын аныктайт. Демек, элдик оозеки чыгармалар улам кийинки турмуштун жагдайына жараша, айтуучунун акыл-деңгээлине, көз карашына жараша улам кошумчаларга туушар болуп отурат. Ошондуктан поэманын алгачкы нускасы толук сакталып калат деп корутунду чыгарууга жарабайт жана поэманын чыгыш доорун көрсөтүүгө аракет кылганда андагы кошумчаларды, өзгөртүүлөрдү кылдат түрдө байкоого туура келет.

«Кожожаш» поэмасынын алгачкы нускасын, чыккан доорун айрым адабиятчылар «Кожожашты» **укмуштуу** же **кереметүү** жөө жомоктордон өсүп чыккан, алгачкы үлгүсүн байыркы эл коллективдешип жашап, аңчылык менен күн көргөн доорлордон бери башталган чыгарма деп болжолдоого мүмкүн»[3] деп жүрүшөт. Мындагы негизги факт: «...биринчиден, чыгармада негизги окуянын мергенчилик жөнүндө болушу жана бардык кесиптерден мергенчиликтин жогору коюлушу, экинчиден—Кожожаштын бир айыл туугандарын бүт ки-

[1] В. В. Радлов. «Образцы народной литературы северных тюркских племен» 1885 г., часть V, стр. 19.

[2] В. Виноградов. «Токтогул Сатылганов и киргизские акыны», М.-Л., 1952 г., стр. 88.

[3] С. Мусаев. Дж. Таштемиров «Кыргыз адабияты» 8-кл. үчүн окуу китеби, 1954-ж., 159-бет.



йиктин эти менен багышы»[1] жана буга кошумча катары «чыгарманын ыр түзүлүшү белгилүү бир эрежеге таянган эмес. Анын ырларынан 7—8—9 муундан турган саптар аралашып келе бергенин көрөбүз».[2] Поэманын чыгыш доорун «чыгармадагы негизги окуянын мергенчилик жөнүндө болушунан» же «ырларынын 7—8—9 муундан турган саптарынын аралашкандыгы» менен далилдөөгө болбойт. Себеби, ар кандай чыгарма адамдын турмушунун тигил же бул жагын көрсөтүүгө арналат, ошону менен катар ар кандай мергенчиликке арналган чыгарма дыйканчылыкты көрсөткөн чыгармадан мурун жаралган деген корутундуга келүү чындыкка сыйбас. Элдердин аңчылык кылышы жалаң гана адам коомунун алгачкы дооруна таандык болбостон миңдеген жылдарга созулганы белгилүү эмеспи. Бул миңдеген жылдар ичинде өз дооруна карата кара кылды жара аткан мергендер болгон. Алар жөнүндө легендалар айтылып, элдин оозеки чыгармасына кирген. Ошол эле мергендер жөнүндө ырлар ырдалып жомоктор түзүлгөн. Бирок аны айтуучулар «туруктуу текстти» жаттап алган эмес. Ошондуктан, ар бир айтуучунун өзгөчөлүгүнө байланыштуу ырдын формасы өзгөрүп, маанисине кошумча, алымчалар болгон. Буга жогоруда келтирилген «Кожожаш» поэмасынын үч варианты сонун далил болот. Поэманын ыр саптарынын муундук системасы айтуучуга карата өзгөрүп келген. Демек, «ырларынын 7—8—9 муундан турушу» поэманын алгачкы убактарда чыгышын белгилейт деш туура болбой чыгат.

«Сур эчки жана боз жорго жөнүндөгү ырлар кара кыргыздардын эң эски лирикалык ырларынан болуп саналат» (записки И. Р. Г. О. том XXIX, стр. 51) деген Ч. Валихановдун сөзүнө таянып Д. Сулайманов: «Бара бара бул айбандар жөнүндөгү лирикалык ырлар, бүтүндөй көлөмдүү чоң-чоң поэмаларга айлангандыгын айтууга болот. Ал поэмалар өз учурунда адамдардын турмушун, салтын, көз карашын өз ичине албай койбостугу белгилүү. Ушул негизде карап «Кожожаш» поэмасынын сюжети, анын эң байыркы замандарда пайда болгондугун айтууга болот»[3]—деген корутундуга келген. Чындыгында поэманын алгачкы нускасы, жогорудагы авторлор айткандай, «укмуштуу же кереметтүү жөө жомоктордон» же «майда лирикалык ырлардан (анткени, «Кожожаш» кара сөз түрүндө да ыр түрүндө да айтылган) пайда болушу толук ыктымал. Бирок, бул поэманын алгачкы убактарда чыгышын далилдей албайт. Анткени, ар кандай сюжеттүү

[1] Ошонун өзүндө, 159—166-беттер.

[2] Ошонун өзүндө, 168—169-беттер.

[3] «Тил жана адабият институтунун эмгектери» VIII чыгышы, Фрунзе—1957-ж., 45-бет.

майда ырларды бир эле мезгилде ар түрдүү ырчылар ар кан-
дай көлөмдө айтышкан. Ырдын көлөмү (же жөө жомоктун
көлөмүн) айтуучунун чечендигине, окуяны беришине байла-
ныштуу болгон.

Кебетеси, Д. Сулайманов «Сур эчки жөнүндөгү лирикалык
ыр эң эски» деген түшүнүккө таянып «Кожожаш» поэмасын-
дагы башкы образдардан болгон кайберен Сур эчкинин обра
зы алгачкы лирикалык ырлардан кирген деген корутунду чы-
гарган. Биринчи жагынан алганда туура көрүнгөн менен да
ушул корутундунун өзү абстрактуу экенин ким тана алсын
Ч. Валиханов «эң эски» деген сөздү кандай негизге таяп айт-
каны бизге али белгисиз. Экинчиден, боз жорго менен Су
эчки жөнүндөгү лирикалык ырлар дал ушул «Кожожаш» эпо
сунун негизин түздүбү—деген далилди талап кылат. Элд
«эски», «эң эски» деген сөздөрдү ар түрдүү мааниде б. а. жү
жыл же андан көп убакыт өткөнгө пайдалана беришет. Кийин
ки мезгилге чейин элдик оозеки чыгармадан орун алып келге
Шырдакбектин боз жоргосу жөнүндөгү ылакаптар «Жаңыл
поэмасына караганда XVII кылымдарга таандык. Эгерде а
(жорго) кадимки «Шырдакбектин крепосту» деген крепост
салдырган Шырдакбекке тиешелүү болсо XIV кылымдар
таандык болор эле. Демек, тарыхый фактылардын айрымдар
боюнча болжолдогондо боз жорго жана Сур эчки жөнүндө
лирикалык ырларды XIV кылымдан бери гана пайда болг
деп айтууга туура келет. Бирок, элдик оозеки чыгармаларды
тарыхый материал катары кароого болбойт, ошондой эле
кандай тарыхый фактыдан оозеки чыгарма жарала бербей
Элдик оозеки чыгармада өткөндүн элеси, учурдун чындыг
келечектин үнү да болушу мүмкүн.

«Кожожаш» поэмасындагы айрым «фактыларга» кайры
сак, мисалы:

. . . . . . . . . . .
«Манас деген эр киши!,
Көлүнө алтын жалатып,
Күнбөзү турат жаркырап
Эр Манастын белгиси,
Күнбөзүн күнгө караткан,
Күлүнө алтын жалаткан»[1] (81-б.).
. . . . . . . . . . .

деген сүрөттөөнү Кожожаш Сур эчкини Кең-Колго кууп өткө
дө учуратабыз. Буга караганда «Кожожаш» окуясы Ман
эпосунан кийин чыккан деп болжолдоого болор эле. Эгер

[1] «Кожожаш» 1956-ж., 81-бет., айткан: Алымкул Үсөнбаев. Мын
ары бети гана көрсөтүлөт.



Манас эпосун эске албастан күнбөздүн өзүн эске алсак[1] «Кожожаш» поэмасындагы окуялар XIV кылымдан кийин өткөн деп айтаар элек. Бирок, «Кожожаш» поэмасындагы башка түшүнүктөр, окуянын жүрүштөрү мындай сүрөттөөлөр кийинки айтуучулар тарабынан кошулганын көрсөтүп турат. Эпосту айтуучулар эпостогу башкы каармандарга жана андагы окуяларга кайдыгер мамиле кылбастан, тарыхый окуя катары, көрсөтүүгө аракет кылышат. Айрым кыялый түзүлгөн геройлор ошол мезгилдеги тарыхый фактылар менен толукталып угуучуга ишеним берип отурат. Бул жөнүндө академик В. В. Радлов кызык мисалды келтирет. Ал XIX кылымдын экинчи жарымында Текес өрөөнүндөгү бугу уруусунан (1862-ж.), Ысык-Көлдүн башындагы сарыбагыш уруусунан жана Токмок шаарынын түштүк, чыгышындагы солто уруусунан (1869-ж.) жыйнаган материалдарында «Манасты» айтуучу акын (жомокчу) Манасты ак падышанын жакын досу кылып, ал бардык жерде ак падыша менен бирге жүргөндөй орус элинин досу катарында ырдады, кебетеси, айтуучу менин угуп отурганымды эске алса керек[2] деп, эскерет. Мындай кошумчалар (катмарлар) оозеки чыгармалардын негизги мүнөзүнүн бири катары каралат. «Кожожаш» поэмасы мындай кошумчалардан алыс эмес. Мындай кошумчанын бири катары жогорку Манастын күнбөзүнүн сүрөттөлүшү кирет. Поэма айтуучу Кожожаштын тарыхый болгондугун далил менен келтирүүгө аракет кылат. Сулайман Конокбаевдин вариантында Манастын күнбөзү жөнүндөгү сүрөттөө учурабайт. Мындагы окуя да бир жерде өтөт. Укмуштуу мерген Кожожаш жөнүндө маалыматты алгачкы изилдөөчү Ч. Валиханов тарабынан «талаа «Илиадасы» деп аталган, кыргыз элинин жүздөгөн маданиятынын энциклопедиясы болгон «Манас» эпосунан да учуратабыз. Каралаев Саякбайдын вариантында:

«Караңгыда ийненин
Көзүн атса жаңылбас.
Астынан адам өтпөгөн.
Огу бекер кетпеген
Каражой уулу Кожожаш»[3].

буруттарга (кыргыздарга) каршы урушта көзгө көрүнөт. Катуу кыйналышта Коңурбай Кожожашка кайрылып жардам сурап турат. XIX кылымдын экинчи жарымында (1856-ж.)

[1] Эскертүү: Тарыхый документтерге караганда Талас өрөөнүндөгү Манаска таандык болуп жүргөн күнбөз («Манас» эпосу боюнча) Кенизбек-Хатундын күнбөзү катары далилденет. Бул күнбөз Тимурдун убагында б. а. XIV кылымдын аягында тургузулган.

[2] «Образцы народной литературы северных тюркских племен» (1885 г. в предисловии, стр. 13—14).

[3] Кыр. ССР Илимдер Академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазма фондусу, инв № 542, 7-том, 251-бет.

Кыргыз жеринде болгон Ч. Валиханов «Манас» эпосу менен таанышкан жана кыргыздардын ногой доорунан бери келе жаткан (XIV—XVI к. — С. З.) жалгыз гана «Манасы» бар[1] деп эскерет. Мындай корутундуга келүүгө Ч. Валихановго эки негиз себеп болгон болуу керек: биринчиден, жалпы эле кыргыздын элдик оозеки чыгармасын толук билген адамга жолуга албаган, экинчиден, көпчүлүк убактарда «Манас» жомогун айтуучулар көрүнүктүү баатырлар жөнүндөгү эпосторду «Манас» эпосуна топтой берген жана «Манастын» бир бутагы катары караган. Дал ушул түшүнүккө ачык мисал «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү» (I—XI бөлүм) деген монументалдуу эмгегине кийирген В. В. Радловдун жадеген «Манас» эпосу далил болот. Анткени, мында «Төштүк» эпосу өзүнчө эпос болбостон «Манастын» бир чоросу, бир бутагы катары каралат. Ушул эле сыяктуу айрым манасчылар Кожожаштын кытай уруусунан чыкканын («Кожожаш» поэмасы боюнча) алмаштырып Кожожашты кытай улутунан чыгарып «Манастын» кульминациялык чекити болгон «Чоң казатка» башкы каарман кылып катыштырган. Ал түгүл эпосто («Манас») Кожожаштын балалык чагы, ажыдаардан жалгыз көздүн элинде сыйкырды окуганы жөнүндө кабар берет. Кебетеси, манасчы эпостун өзөгүнө Кожожашты кийирүүгө аракет кылганы көрүнөт. Ошондой болсо да поэманын чыгыш доорун «Манас» эпосу менен бирдей кароого туура келбейт. Анткени «Кожожаш» поэмасындагы окуялар, түшүнүктөр «Манас» эпосундагы окуялардан, түшүнүктөрдөн кескин айырмаланып турат.

Изилдөө иштеринде айрым сөздөрдүн мааниси өткөн тарыхый учурларды белгилөөдө негизги ролдорду ойнойт. Анткени, тилдин лексикалык составы коомдогу жаңы өсүштөр, көз караштар, окуяларга карата байып отурат. Кээ бир адамдардын аттары өзүнчө мааниге ээ болсо кээ бир аттар маанисин (семантикасын) жоготуп жиберген. Кыргыз элиндеги чоң жана кенже эпостордун бардыгы дээрлик ошол эпостун башкы каармандарынын аттары менен берилген. Окуя да башкы каармандардын бардык кыймылы, өсүшү менен байланышта өнүгүп отурат. Чындыгында кээ бир аттар (эпоско коюлган) өзүнүн маанисин актайт. Мисалы, «Кедейкан», «Курманбек» эпосторунда «Кедейканда» кедейдин хандыкка жетиши көрсөтүлсө, «Курманбекте» эл үчүн курман болгон баатырдын иши көрсөтүлөт. Мындай көрүнүштөр элдик чыгармада кокустук эмес. Анткени, эпосту жаратуучу эл сонун кыялдарын, көксөгөн тилектерин оозеки чыгармада чындыкка айландырып айтып келишкен. Бирок, кээ бир аттар өзүнүн сөздүк семантикасын эпостун мазмунунда, идеялык багытында актай албайт. Буга мисал катары «Манас» жана «Кожожаш» эпосторун келтирүүгө болот. Манастын атынын пайда болушун эпос боюнча диндик түшүнүккө «байгамбардын сүрөтүнө» алпарып такайт. Ал эми иштери болсо тап-такыр башка багытта—чачылган элди жыйноо, тышкы баскынчыларга, ички-эзүүчүлөргө каршы күрөшкөн баатырдын ишин көрсөтүү аркылуу өнүгөт. Ушул эле сыяктуу «Кожожаш» поэмасында темага байланыштуу[1] (коюлган аттын уңгусу—кожо) иштер баяндалбастан, бир айылды жеке мергенчилик менен баккан укмуштуу мергендин иштери баяндалат. Биздин эранын 630-жылдары Орто Азия элдерине зордук менен ислам дининин таратылганын жана алардын өкүлдөрү: кожо-молдолордун пайда боло башташы көрсөтүлөт. Бирок буга карап Кожожаш, Молдожаш деген аттар VII кылымдардан баштап кыргыз элинде айтылып келе жатат деген корутундуга келүүгө болбойт. Анткени, XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыз жеринде болгон Чокан Валиханов «Очерки Джунгарии» деген эмгегинде буруттар (кыргыздар— З. С.) өздөрүн мусулмандар деп атаган менен Мухаммеддин ким экенин билишпейт, өлүктү жана үйлөнүү тоюн шаманизм салттары менен өткөзөт деп эскерет.[2] Ч. Валихановдун бул айтышын айрым тарыхый документтер да ырыстайт. XVII кылымдын башталышына таандык айрым материалдарда кыргызды ошол мезгилде (XVII к.) «кафир» деп атаганы учурайт.[3] Демек, мусулман дини кыргыздарга XVII кылымдан кийин гана тараганы жана ага байланыштуу диний сөздөр, терминдер элге сиңгени байкалат. Биз буга байланыштуу «Кожожаш» поэмасынын темасы чыгармага кийин коюлган болуш керек деген жыйынтыкка келе алабыз. Ал эми поэманын алгачкы нускасы байыркы убактагы тапсыз коомго таандык экенин поэманын сюжети далилдейт. Элдик оозеки чыгармаларда темасынын кийин өзгөрүшү боло турган көрүнүш. Кыргыз элинин турмушунда кең тараган комуз күүсүнүн бири—«Кызай» күүсү болуп саналат. Кийин бул «Кызай» күүсү «Капал» күүсү деп аталып, андан «Көкөй кести» деп өзгөрүлгөн. Ушундай эле жомоктордо бир эле сюжеттик маанидеги жомоктордун эки темада учурашы, мисалы: «Төштүк», «Чил жалгыз» жөө жомокторунун бирдей сюжетте болушу далилди талап кылбайт. Бирок «Кожожаш» поэмасын айрым айтуучулар кожо-

---

[1] «Сочинение Чокана Валиханова» под редакцией Н. И. Веселовского. С. П. б. 1904 г. 71-бет.



---

[1] Эскертүү: сөз бул жерде сөздүн семантикасынын чечилиши жөнүндө баратат.

[2] «Сочинение Чокана Валиханова» под редакцией Н. И. Веселовского. С. П. б. 1904 г. 63 стр.

[3] «История Киргизии», Фрунзе — 1956, том I, стр. 241.

нун чыкканына жаңа анын иштерине тикеден тике байланыштырат. Эгер мындай болгондо поэманы XVII кылымдан кийин пайда болгон деп так эле айтууга болор эле. Дал ушундай көрүнүштү биз Т. Жээнтаевдин вариантынан жолуктурабыз. Жээнтаевдин варианты боюнча Кожожаштын укмуштуу мерген болушуна «олуялардын», эшендердин, кожолордун «батасы» себеп болот. Кожожаш деген аттын кожолорго тике байланышы бардыгы көрсөтүлөт. Аскада калган Кожожашка энеси мындай дейт:

«Сени жамы олуя биригип,
Жамасынан бүткөзгөн.
Сени топ олуя биригип,
Тобосунан бүткөзгөн.
. . . . . . . . . . .
Кожожаш сенин айыңан,
Кожолорго кой бердим,
Таксырларга тай бердим
. . . . . . . . . . .
. . . . . . . . . . .
Анжыяндан кожо алып,
Атыңды Кожожаш жалгыз
койдурдум»[1].

Поэмадагы мындай көрүнүштөр кийинки кездерде мусулман дининин жана ошо динге таасирленген айрым айтуучулар тарабынан кошулганын «Кожожаш» поэмасынын башка варианттары да ачык далилдеп турат. Таптык коомдо маданияттын таптык мүнөздө өнүгүп отурушу элдин төл чыгармасына сандаган катмарлардын кошулушуна шарт түзгөн. Мамлекеттин бардык саясы мекемелерин элди эзүүгө багыттаган төбөлдөр элдик искусствонун бардык түрлөрүн өзүлөрүнүн кызыкчылыгына багыттоого аракет кылганы элдин оозеки чыгармасындагы катмарлардан көрүнөт.

«Кожожаш» поэмасындагы катмарлар белгилүү даражада анын алгачкы нускасын өзгөрткөн. Ошондуктан поэманын чыгыш доорун экинчи пландагы окуялардан издебестен анын негизги өзөгүнөн издөөгө туура келет.

Поэманын өзүгүндө биринчи иретте материалдык негизди өндүрүү жолдору кандай мүнөздө өнүккөнүн байкоо, көрсөтүү талап кылынат. Анткени ар кандай элдик оозеки чыгармалардын негизи адам коомунун кандайдыр бир материалдык негизине барып такалат жана аны өзүнө чагылдырат. Коомдогу өндүрүш куралдар эмгек процессинин кандай деңгээлде тургanын көрсөтөт. Алгачкы убактарда жапайы аңдарга аңчылык кылуу ошол элдин материалдык турмушунун негизин курган. «Кожожаш» поэмасында адамдардын эт менен күн көргөнү

[1] Кыр. ССР Илимдер Академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазма фондусу, инв. № 818.



сакталган. Поэмада Таластын башы Караколдо кыргыздын кытай уруусу[1] күнүгө жалаң кийик этин жеп оокат кылып турушу көрсөтүлөт. Бирок мында өндүрүш куралдары — эмгек куралы байыркы адамдардын уруучулдук коомуна таандык таш же жезден, темирден жасалган одоно куралдар, болбостон, адам коомунун кийинки мезгилдерине таандык, түтөтмө мылыктар: Ак бараң, Алма баш колдонулат.

Поэманын өсүшү, андагы кээ бир экинчи пландагы окуялар бул куралдардын колдонулушун актайт. Буга Зулайканын атасынын хандык даражада болушу, кырк кыз нөөкөр алып Зулайканын тарбыяланышы кирет. Зулайканын кийими «Күбөөсү кундуз жаннатты». Керилген мырзалар Зулайкага жетпегенине ызаланышып «кедейге тандап тийди» деп элге ушак тарата баштайт. Поэмадагы мындай окуялар коомдун алда канча өскөн тибин жана таптык жиктелүүлөр кескин ажырап калган учурун түшүндүрөт. Бирок мындай түшүнүктөр бир канча жүздөгөн жылдарды басып өткөн, ооздон оозго, укумдан тукумга берилип отурган «даяр тексти» болбогон оозеки чыгармалардан орун алышы закондуу көрүнүш. Адамдардын түшүнүгү, тил байлыгы биринчи иретте учурдагы көрүнүшкө, турмушка карата түшүнүктү да тактайт, б. а. өткөн окуялардагы фактылар жаңы түшүнүктөр менен толукталат. Экинчиден, эл кандай гана укмуштуу жомокторду айтпасын аны ишенимге жеткирүүгө, таң калтырууга, толкундатууга аракет кылат жана жомоктун негизинде жаткан чындыкка жаңы турмуштук көрүнүштөр кошумчаланылат. Мындай кошумчалар айрым каармандарынын сүйлөө речинде да көрүнөт. Кожожашка чын дити берилген, анын жигиттик сапатына адамды теңебеген кырк нөөкөрдүн бири Шабыр:

. . . . . . . . . . . . .
«Алат деп ойлоп жүрбөсөң
**Же, пайгамбардын баласы»**
. . . . . . . . . . . . .

(21-бет) деп Зулайка менен айтыша кетет. Ушундай эле Ала баш теке Сур эчкиге карата:

[1] Н. Аристов. «Опыт выяснения этнического состава киргиз-казахов Большой орды и кара-киргизов» деген эмгегинде (1894 г. стр. 41—42) кытай уруусун кыргыздын сол канатына кирет жана алар Таласта. Наманган, Андижан усаддеринде жашайт деп көрсөткөн. Н. Аристов, кытай уруусунун кара-кытайлардан же кидандарден (XII—XIII) келген болуу керек деген корутунду чыгарган. Кыргыз урууларынын жайкашылышы жөнүндөгү кийинки материалдарга таянганда («Материалы по изучению родового деления киргиз» Н. С. Ладушев. Кыр. ССР Илимдер Академиясынын Коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазма фондусу, инв. 1663, 1926 г. (кытай уруулары Пишпек округуна караштуу Кара-Бугун, Аксуу, Сокулук, Токмок болуштарында жана Жалал-Абад өкругунда Балыш болушунда кезиккенин (орношконун) жолуктурабыз. Бул материалдар да кытай уруусу кыргыздын сол канатына кире турганын далилдейт.